Бекитемин
Мектеп директору
Кенжегулова О.А.

**А.Тилекеев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин**

**стимфондду бөлүштүрүү жөнүндө жобо**

1.1.Мектептин билим берүү тутумунда 2011-жылдын 1-майынан баштап эмгек акынын жалпы көлөмүнөн 10% өлчөмдөгү жумуштун сапаты жана аткаргандыгы үчүн педагогикалык административдик жана техникалык персоналдарга төлөмдөрдү стимулдаштыруу үчүн каражат бюджет төлөнөт.

1.2.Кызматкерлерди материалдык стимулдаштыруу квартал сайын жүргүзүлүп турат.

1.3. Кызматкерлер ооруп же башка бир себептерге байланыштуу жумушка чыкпай калган күндөрү үчүн стимулдаштыруу каражаты толөнбөйт.

1.4.Мугалимдин жеке ишмердүүлүгү жалпы мектептин ишине коюлган критерийлердин негизинде объективдүү баалоо үчүн бирдик үлүштөрүндө белгиленет.

1.5.Мугалимдин ишин баалоо критерийлери болуп төмөнкү индикаторлор саналат;
-кесиптик чеберчилик деңгээли,окуу-тарбия иштерин уюштура билүүсү, окуучулардын жетишкендиктерине билим берүү жана билим берүүнү баалоону уюштуруу.
-кесиптик деңгээлин жогорулатуу,мектеп ичиндеги бирдиктүү талаптарды жана жеке тартипти сактоо.
-эмгекке жарамсыздык баракчасы жок иштөө.

1.6. Мектептин ишинин акыркы натыйжаларына административдик чарбалык жана билим берүү кызматкерлеринин жеке салымынын түрүнүн критерийлери болуп төмөнкүлөр саналат:
-иштеген сааттары,эмгек баракчаларынын жоктугу;
-имаратта санитардык талаптардын аткарылышы;
-аткарылган жумуштун сапаты;
-ишке болгон мамилеси;
-эмгек тартиби.